# №46-кесиптик лицейинин "Ишеним почтасынын " жобосу

1.1 Окуучулардын укугун коргоо , психикалык педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында "Балдардын укугун коргоо конвенциясынын негизинде " окуу жайда "Ишеним почтасы" уюшулган

1.2 "Ишеним почтасы" окуучулардын сабак убагындагы жана сабактан сырткаркы убактагы коопсуздугун камсыздайт. Бул окуучуларды кызыктырган суроолорго ишенимдик түрдө жооп алууга шарт түзүп берүүчү иш-аракеттердин топтому.

"Ишеним почтасынын" максаттары

2.1 Окуучулардын билдирүүлөрүн, каалоо-тилектерин, өтүнүчтөрүн, сунуштарын анонимдүү кабыл алуу жана анализ жүргүзүү.

2.2 Тигил же бул себептерден улам ачыкка чыкпай турган маалыматтарды изилдеп, колдоо көрсөтүү.

2.3 Окуучулардын лицей админстрациясы, мугалимдер ортосундагы тоскоолдуктарга бөгөт коюу менен окуучуларга психикалык-педагогикалык жардам көрсөтүү.

Материалдык техникалык камсыздоо

"Ишеним почтасы" максаттуу, эффективдүү иш алып баруусу үчүн төмөндөгү шарттар аткарылат.

3.1

- каттар үчүн кутуча
- Маалыматтарды көрсөтүүчү такта

3.2 "Ишеним почтасы" окуу корпусунун залынын кире беришинде орнотулган.

"Ишеним почтасынын" иштөө эрежелери

4.1 Окуучулар кайрылууларды кутучага салышат ( фамилия, атын жазуунун кажети жок) анонимдүүлүк сакталат, окуучунун маалыматы так болушу үчүн.

4.2 Кайрылууну жазган күнүн, айын жазуусу керек.

4.3 Окуу жайдын жетекчиси, тайпа жетекчилери, бөлүм башчы менен бирдикте белгиленген убакта (бир айда бир жолу) кутучаны ачып, каттар менен таанышып, анализдеп, жоопторду даярдашат.

4.4 Окуучуларга жалпы маалымат алуусу үчүн жооптор залдагы стендге жайгаштырылат.

Жалал- Абад облусу Чаткал району №46кесиптик лицейи

«Арыз даттануулар жөнүндө"

Коммиссия карап чыгып " Электр жаблууларын тейлөөчү электр монтеру" "С" категориясындагы автоуна айдоочу 10ай кесиби боюнча эта-энелер, кызматкерлер жана окуучулардан даттануу кутучасына түшкөн эмес.

1. Коммиссиянын төрагасы: Т.Ботобеков.
2. Мүчөсү: Н.Көчөрбаева.
3. Мүчөсү: Ж. Озокеева.